ВЕДОМСТВОЛОР АРАЛЫК ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

Д.09.02.203

УДК 10(09): (575.2) (043.3)

Кол жазма укугунда

*РЫСАЛИЕВА ЗАЙНУРА ТӨЛӨГӨНОВНА*

# КЫРГЫЗ МИФТЕРИНДЕГИ ФИЛОСОФЕМАЛАР

Адистиги: 09.00.03 - философиянын тарыхы

**Философия илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражаны изденип алууга талаптанып жазылган диссертациянын**

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

БИШКЕК 2003

Иш Бишкек гуманитардык университетинин философия жанан маданият таануу кафедрасында даярдалды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | Философия илимдеринин доктору **Бекбоев А.А.** |
| **Расмий оппоненттер:** | Философия илимдеринин доктору, профессор **Акмолдоева Ш.Б.** Философия илимдеринин кандитаты, доцент **Саралаев Н.К.** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети. |

Диссертацияны коргоо Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук Академиясынын Философия жана укук институтунун алдындагы докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу Д.09.02.203 Диссертациялык Советинин 2003 - жылдын "27" июнь саат 13⁰⁰ башталып өтө турган жыйынында жүргүзүлөт. Дареги: Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук Академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2003-жылдын 26-майында таратылды.

Диссертациялык Советтин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты, доцент Омуралиев Н.А.



## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН КЫСКАЧА МАЗМУНУ

**Теманын актуалдуулугу**. Диалектикалык логиканын обьективдүү мыйзамдарына ылайык өсүп-өзгөрүү абалындагы илгерилеп-кетенчиктеген (поступательно-возвратный) тарыхый процесс белгилүү-белгисиз болуп, чечилип-чечилбей келе жаткан проблемаларды жаңы өңүттөн карап талдоону талап кылат.

Ой таанымдын кенен диапазону, терең мазмуну менен шөкөттөлүп турган бул гносеологиялык схема учурдагы тамыры тереңге кеткен татаал маселелерди алардын философемалык генезиси менен байланыштырууга жана аларга тиешелүү "концептердин комплексин" тактоого, аныктоого шарт түзөт. Демек, ар кыл тарыхый-философиялык анализ тигил же бул иликтене турган маселелердин мазмун-формалык тегин, логика-гносеологиялык тамырын тастыктоого, ошону менен бирге алардын бүгүнкү эвристикалык-концептуалдык семантикасын аңдоого мүмкүндүк берет. Мезгил менен мейкиндиктин тутумуна карата толукталып келген ар кыл тарыхый-философиялык проблема өткөнчак, учурчак жана келээрчактын кыйма-чийме өз ара байланышына жараша жаралып-торолуп архаикалык-философемалык жана соңку, концептуалдык бүтүндүктөгү элементтерден турат. Айрыкча жашоо-болмушубуздун өзгөрүшүн шарттаган обьективдүү кырдаал, аны менен коштолгон тааным процессинин татаалданышы учурдагы айрым бир түйүндүү маселелерди, түшүнүктөрдү жаңыча чечмелөөгө, башкача жаңыланган позиция - ракурста кароого шарт-талап түзүүдө. Өлкөбүздөгү акыркы мезгилдерде жүрүп жаткан саясий-маданий өзгөрүүлөр карт тарыхыбызды анын "жабык барактарын", "ак тактарын" иликтөөгө, көрөңгүлүү салт-санаабызды, үрп-адаттарыбызды жана рухий баалуулуктарыбызды кайрадан карап чыгууга, анын оң-терс, оош-кыйыш жактарын талдоого, жаңы электен өткөрүүгө өбөлгө болууда.

Кыргыз элинин көөнө тарыхы, башынан өткөн эчендеген өөдө-төмөн окуялары, кубанычтуу жана кайгылуу күндөрү, өрнөктүү сөздөрү, осуяттары кагазда эмес, аңгеме-аңыз, макал-лакап, ыр-күү, миф, жомок, эпосторунда сакталып, укумдан-тукумга уланып келген. Аларда элибиздин эзелки эмгеги менен эрдигин, акылы менен арманын, нарк-насилин камтыган философиялык-этикалык мазмундагы жакшы-жаман, адилет-адилетсиздик, ар-намыс сыяктуу түшүнүктөрү камтылган. Ушундан улам кылымдарды карыткан кыргыз тарыхында түзүлгөн рухий жетишкендиктерге, баалуулуктарга анын ичинде мифопоэтикалык чыгармачылыкка кайрылуу бүгүнкү күндөгү улуттук философиябыздын алдындагы негизи маселелердин бири. Белгилей кетүүчү нерсе, кыргыз элинин мифопоэтикалык чыгармачылыгы акыркы жылдары өзүбүздүн көпчүлүк окумуштуулар тарабынан ар тараптан иликтенип келе жатат. Бул жагдай көптөгөн илимий макалалардын, иштердин, китептердин жаралышын шарттады. Биздин максат - бул иликтөөлөрдүн негизинде, ошондой эле мифопоэтикалык чыгармалардагы протофилософиялык катмарларга таянып кыргыз элинин байыркы мифологиялык ой-жүгүртүүсүндөгү философиялык мааниге эгедер концептерди изилдөө.

Бирок, мифтердеги философиялык ойлордун, дегеле элдик чыгармачылыктагы философиялык дүрмөттөгү ой-пикирлердин болушу айрым бир философтордун күмөн саноосун туудуруп келет. Алардын пикири боюнча, философия чындыкты илимий-теориялык жактан өздөштүрүү формасында гана жашайт, ошондуктан илимге чейинки маданиятта философияны изилдөө мүмкүн эмес. Бирок, дүйнөлүк тарыхый-философиялык тажрыйба күбө болгондой, философиялык ой-жүгүртүү дүйнөтүзүлүштү кабылдоонун эмоционалдык-образдык деңгээлинде, рухий-эмпирикалык формасында да мүмкүн экендиги жана илимий-теориялык жактан системалаштырылган философиясы жок элдин да рухий архаикалык маданиятынан философиялык ойлорду изилдөөгө болоорун далилдеди. Ар бир элдин жашоо-турмушунан, акыл-эс жан-дүйнөсүнөн жаралган элдик оозеки чыгармалар - имманенттүү мазмуну боюнча болмуштун түпкүлүктүү сырларын, адам менен табияттын өз-ара татаал диалектикалык байланыштарын чагылдырган философиялык кубулуш. Караңгыдан жарыкты, баш-аламандыктан тартипти, пастыктан бийиктикти, жамандыктан жакшылыкты, ач-көздүктөн арууулукту айырмалап, аркалап эш тутуп келген байыркы мифтерде, уламыштарда, эпикалык чыгармаларда азыркы жана келечек муундарга үлгүлүү сабак боло турган акыл-ойдун көрөңгүлүү уюткусу камтылган. Мындай рухий-дөөлөт мурастардын түпкү маңызына сиңирилген түбөлүктүү түйүндүү ой-тутумдарды адекваттуу аңдап-талдоо, системалаштыруу, келечекке өткөрүп берүү учурдун кечиктирилгис милдеттеринен. Ошондуктан, өткөндүн социо-маданий мааниге эгедер мурастарына жеңил-желпи үстүртөн мамиле жасабай, алардын дүйнөкараштык турпатын, философемалык өзөгүн ийкемдүү эс-акылдын элегинен кылдат өткөрүп, көмүскөдө катылган даанышман ойлорду иргей билүү учурдун актуалдуу маселелеринин бири. Бул татаал проблеманы конкреттештирүү - "философемалык" (Гегель) деңгээлиндеги концеп-идеаларды теориялык мүнөздөгү эмес маданияттын эстеликтеринен, оозеки чыгармачылыктын байыркы жанрларынан иликтөө менен байланыштуу. Ушундан улам биздин изилдөөбүз кыргыз мифтеринин философемалык катмарларын же тарых чындыгын тастыктаган, кашкайган учкул ойлорду иликтөөгө арналган.

Нарк-насилдин мифий интерпретацияларында элдин улам өр тартып, торолуп бийиктеген аң-сезимдеги өзөктүү философиялык-нравалык прелогикалык императивдер, жакшылыкты туу туткан протофилософиялык ойлор чагылдырылган. Мифтер дүйнөнүн түйүндүү сырларын аңдоого карата адамдардын алмустактагы алгачкы аракети экендигине карабастан, философиянын генезисин жана эволюциясын туура аңдай билүүнүн булагы катары кызмат кылат.

**Теманын изилденүү даражасы.** Дүйнөкараштын алгачкы тарыхый тиби катары калыптанган мифий аң-сезим ар кыл доордогу окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзгөчө буруп, ар кандай маани-мазмундагы көз-караштарды жаратып келген. Мифтерди изилдөө боюнча XIX кылымда түзүлгөн эволюциялык жана антропологиялык мектептин өкүлдөрү - Э.Тайлор жана Дж. Фрэзер байыркы мифий жана диний көз-караштардын келип чыгышын карама-каршы позицияда чечмелешкен. Э.Тайлор миф менен диндин генезисин жан жөнүндөгү түшүнүктөр - анимизм менен байланыштырса, Дж. Фрэзер алардын түпкү тегин магия түзөт жана ал байыркы дүйнөкараштын универсалдуу формасы деп эсептейт.



Мифтердин психологиялык жааты, б.а. архетиптер, коллективдүү бейаң менен байланышкан жактары австриялык психолог З.Фрейддин жана швейцариялык психолог Г.Юнгдун эмгектеринде кыйла бийик концептуалдык деңгээлде иштелип чыккан. Алгачкы ой жүгүртүүнүн логикалык формалары, өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү концепциялар француз окумуштуусу Л.Леви-Брюл тарабынан иликтенген.

Соңку мезгилдерде мифология менен байланышкан маселелерди тигил же бул аспектиде ар кандай деңгээлдерде изилдөө улантылып келет. Аларды жалпылап, төмөндөгүдөй топторго бөлсөк болот: **биринчиден,** О.М. Фрейденберг, Е.М.Мелетинскийдин ысымдары менен байланышкан филологиялык багыттагы изилдөөлөр. **Экинчиден,** миф менен фольклордун ар кандай жанрларынын (жомок, легенда) диний ишенимдердин байыркы формалары тотемизм, фетишизм, анимизм менен байланышы С.А.Токаревдин дүйнө элдеринин этнографиялык материалдарынын негизинде жазылган китебинде, С.М. Абрамзондун кыргыз элинин исламга чейинки ишенимдери, мифтик түшүнүктөрү жөнүндөгү эмгектеринде иликтенет. **Үчүнчүдөн,** Р.А.Арцишевский, В.С.Буянов сыяктуу адистердин эмгегинде мифтер дүйнөкараштын алкагында анализденип, анын типтери - дин, философия менен болгон карым-катнашы көрсөтүлөт. **Төртүнчүдөн,** мифтердин жаралышы жана калыптанышы, андагы камтылган философиялык ойлор, философиянын генезисине тийгизген таасири жөнүндөгү маселелер конкреттүү тарыхый материалдардын негизинде М.И.Шахнович, А.Н.Чанышев, М.Стеблин-Каменский, Я.Э.Голосовкер, Ф.Х. Кессидинин эмгектеринде изилденет.

Мифтердин философиялык маңызын, гносеологиялык, онтологиялык, психологиялык статусун, ошондой эле эвристикалык маанисин аныктоого А.Косаревдин эмгеги арналган.

Ал эми байыркы кыргыз элинин мифологиялык ой-жүгүртүүсүн, андагы камтылган философиялык ойлорду изилдөө С.Абрамзон, Ч.Айтматов, Ш.Акмолдоева, А.Алтымышбаев, Б.Аманалиев, Т.Аскаров, А.Асанбаев, К.Байжигитов, Т.Баялиева, А.Бекбоев, Ч.Валиханов, А.Исмаилов, А.Какеев, О.Козубаев, Р.Кыдырбаева, С.Малов, И.Молдобаев, С.Мукасов, А.Нарынбаев, В.Радлов, О.Тогусаков Ж.Урманбетова сыяктуу жергиликтүү адистердин эмгектеринде чагылдырылып, алардагы теориялык жалпылоолор изилдөөбүздүн усулдук маанисин түздү. Андан сырткары кыргыз мифтерин Сибирдеги түрк элдеринин дүйнөкарашы менен салыштырууда Н.Алексеев, А.Ф. Анисимов, Е.Баранникова, В.Евсюков, Д.Раевский, А.Сагалаев[1] ж.б. эмгектеринин да жалпы теориялык жана усулдук маанисин белгилебей коюга болбойт.

[1] Авторлордун эмгектери диссертацияда адабияттардын тизмесинде берилет.

**Диссертациянын негизги максаты жана милдеттери.** Диалектиканын илимий-теориялык жоболорунa, логиканын методдоруна таянып, изилдөөнүн методологиялык маңызын тактоо, дүйнөкараш менен философеманын логикалык байланышын жалпылоо, мифтердин онтологиялык, гносеологиялык, психологиялык статусун аныктоо аркылуу кыргыз мифтериндеги философемаларга талдоо жүргүзүү изилдөөбүздүн негизги максаты. Бул аталган максаттын имманенттүү логикасы төмөндөгүдөй милдеттерди аныктады:

• кыргыз элинин мифтеринин негизинде элдин дүйнөгө болгон мамилесин, таанып билүү өзгөчөлүгүн аныктоо;

• мифтердин концептуалдык түйүнү, анын негизги структуралык компоненти философема менен байланыштуу экендигин көрсөтүү;

• философемалардын ички маңызын илимий-теориялык жактан андоо аркылуу алардын дүйнөкараштык маанисин аныктоо;

• кыргыз мифтериндеги адамдардын жалпы эле дүйнө жана анын түзүлүшү жөнүндөгү философемалык көз-караштарын анализдөө;

• мифологиялык философемалардын категориялык статусун, анын эволюциясын, констатация-концепция мамилесиндеги алган ордун аныктоо;

• мифоэпикалык чыгармалардын негизинде дүйнөтүзүлүштүн прелогикалык конструкциясын түзүүгө аракеттенүү.

Изилдөөнүн **объектиси** жана **предмети**

Изилдөөнүн негизги **объектиси** - кыргыз элинин байыркы турмушу менен байланышкан мифоэпикалык аң-сезими, ал эми изилдөөнүн **предмети** - кыргыз мифтериндеги философиялык ойлор, башкача айтканда философемалар.

**Изилдөөнүн теориялык жана усулдук негиздери**. Диссертациялык изилдөөнүн теориялык аспектилерин иштеп чыгууда жогоруда аталган жана белгилүү окумуштуулардын философиянын тарыхы боюнча жазылган эмгектерине, азыркы мезгилдеги философиянын концептуалдык ой-жоболоруна таяндык. Иликтөөгө алынган илимий объект кыргыз философиясынын тарыхый өнүгүшүндөгү маңыздуу маселе катары каралып, анын логико-гносеологиялык табияты абстрактуулуктан-конкреттүүлүккө өтүү методунун негизинде анализ-синтезге алынды. Изилдөөдө айрым жаңы конкреттүү ойлом материалдары тарыхый-логикалык жана компоративдик методдорунун негизинде жалпыланып мифтерге системалык, салыштырма принциптеринин негизинде тарыхый-философиялык анализ жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгын төмөндөгүдөй абалдар аныктайт:**

• философиянын генезиси менен түздөн-түз байланыштуу анын алгачкы башаттарынын бири болгон философеманын субстанциалдык маңызын илимий жактан жалпылоого аракет жасалды;

• философемалар мезгил менен мейкиндиктин айгинеси катары дүйнөкараш менен тутумдаш экендиги таксыкталды;

• кыргыз мифтери философемалык булак катары каралды;

• субъект-объектилик мамилелерди рухий-практикалык жактан өздөштүрүүнүн формалары болгон предфилософия жана парафилософиядагы философемалар системалык жактан анализге алынды;

• социо-тарыхый жана социо-маданий процесстердин кыргыздардын дүйнөкарашына тийгизген таасири мифологиялык философемалар аркылуу көрсөтүлдү;

• философиянын феноменологиялык табияты диалектикалык-логиканын жоболорунун негизинде аныкталып, анын онтологиялык, гносеологиялык статусу конкреттүү-тарыхый материалдардын негизинде дааналанды;

• философема менен мифологеманын диалектикасы изилдөөнүн объектисинин контекстинде конкреттештирилди;

• кыргыз мифтериндеги философемалардын алган орду, өсүп-өнүгүү ыраатуулугу аныкталды.

**Коргоого сунуш кылынган жоболор.**

• миф – бул ойдон чыгарылган куру кыялдын кургак туундусу гана эмес, адамдардын реалдуу турмушу менен байланыштуу болгон феномен экендигин кыргыз мифий чыгармачылыгындагы философемалар аныктап турат;

• мифтер концептуалдык мааниси боюнча философиялык система болбосо да, алардын мазмундук курамында камтылган уюткулуу ойдун чордонун философема түзөт;

• философема - дүйнө, аалам андагы адамдын орду жөнүндөгү ойлорду байыркы коомдук аң-сезимдин формалары аркылуу чагылдырган философиялык ой-пикир; ал элдик оозеки чыгармачылыкта камтылган философиялык мааниге ээ концептер;

• мифтерде дүйнө, аалам анын түзүлүшүнө болгон байыркы элдин онтологиялык түшүнүмдөрү гана эмес, ой-максаттары, тилектери жана кыялдары сыяктуу социалдык баалуулуктары (дөөлөттөрү) чагылдырылган;

• дүйнөтүзүлүш жана дүйнөтүшүнүк философемаларында ааламдын жаралышы, өсүп-өнүгүшү, адамдардын адеп-ахлак мамилелери, жамандык жана жакшылык жөнүндөгү урунттуу ойлор, түшүнүктөр, Теңирчилик тууралуу идеялар чагылдырылган;

• дүйнөнүн үч кабаттуулугу (жер үстү-жер асты жана ортоңку дүйнө) жөнүндөгү концептер байыркылардын жалпы эле ааламдын түзүлүшү жөнүндөгү философемалык түшүнүктөрүнөн кабар берет;

• жалпы эле мифологиялык философемалар кыргыз элинин дүйнөкарашынын жыйындысы жана байыркы мезгилдеги ойлом деңгээлинин туу чокусу;

**Диссертациянын илимий-практикалык мааниси.** Диссертацияда байыркы кыргыздардын мифологиялык ой-жүгүртүүсүнүн негизинде философиялык түшүнүктөрдүн прелогикалык формалары конкреттештирилип, категорологиянын урунттуу концептуалдык жагдайларынын социо-тарыхый өөлгөлөрү такталат. Ишти изилдөөдөгү теоретикалык-методологиялык жалпылоолор элдин рухий чыгармачылыгындагы философиялык дүрмөткө эгедер түшүнүмдөрдү мындан да тереңирээк изилдөөгө шарт түзөт. Жалпылап айтканда, изилдөөнүн объектисин теориялык жактан изилдөө анын

аналитикалык жол менен синтезделиши иштин практикалык маанисин туюнтат. Диссертациянын жыйынтыктарын илимий-педагогикалык, чыгармачылык иштерди адекваттуу, таасирдүү уюштурууда; философия, философиянын тарыхы, этика боюнча лекцияларды, атайын курстарды жана семинарларды өткөрүүдө пайдаланууга болот. Белгиленген илимий милдеттердин өтөсүнө чыгуу максатында конкреттүү жагдайга карата так, таасирдүү колдонулган диалектикалык прицинтер илимий-изилдөө иштеринде теориялык көрсөтмө, логикалык ыкма-каражат катары колдонушу мүмкүн.

**Диссертациянын мазмунунун апробацияланышы**. Диссертациянын материалдары изилдөөчүнүн макалаларында жарык көргөн. Диссертация Бишкек гуманитардык университетинин философия жана маданият таануу кафедрасында, КУИА Философия жана укук институтунун философиянын тарыхы жана теориясы бөлүмүндө талкууланган.

Диссертациянын негизги мазмуну төмөндөгүдөй жыйнактарда чагылдырылды: "Молодежь и наука: проблемы и перспективы" - Бишкек, 1997; "Түрк элдеринин тили жана адабиятынын актуалдуу маселелери"- Бишкек, 1998; "Современность: философские и правовые проблемы" - КИУА, Философия жана укук институту, 1, 2 бөлүк, "Гуманитарные проблемы современности", КИУА, Философия жана укук институту, 1-чыгарылышы -Бишкек, 2000; "Непрерывное образование: проблемы и перспективы" - Бишкек, 2001; "Диалог культур и религий как гарантия мира и стабильности" - Бишкек, 2002; "Великий Шелковый путь: вчера, сегодня, завтра" - Бишкек, 2002; "Современность: философские и правовые проблемы" - Бишкек, 2003. Ошондой эле "Кыргызстандын маданияты", "Чыгыш-Батыш маданияттарынын диалогу" боюнча тандоо курстарда жана "Философиянын тарыхы" предметинде окулган.

**Иштин структурасы.** Иштин стуктурасы диссертациялык изилдөөнүн максаты, милдеттери жана логикасына негизделет. Диссертация киришүүдөн, эки бөлүмдөн жана адабияттардын тизмесинен турат.

**Диссертациянын негизги мазмуну.** Киришүү бөлүмүндө диссертациялык иштин олуттуулугу, иликтөөгө алынган проблеманын актуалдуулугу, изилдениш даражасы айкындалып, диссертациялык иштин максаты, милдеттери, предмети жана обьектиси аныкталат; методологиялык негиздери таасындылып, илимий жаңылыгы, коргоого сунуш кылынган жоболор, теориялык жана практикалык мааниси көрсөтүлөт.

Биринчи глава "**Философеманын субстанциалдык статусу**" проблеманын илимий-методологиялык аспектилерине арналып, "философема" түшүнүгүнүн маани-маңызы аныкталуу, менен бирге дүйнөкараш менен болгон байланышы каралат. Мифий философемаларга логико-гносеологиялык анализ берилет. "**Философеманын дүйнөкараштык маңызы**" аттуу 1-параграфта дүйнөкараштын эволюциясын ретроспективада карооо, анын структурасын, элементтерин, тарыхый типтерин жана философема менен байланышын анализдөөгө арналган.

Дүйнөкараш философиянын негизги түшүнүктөрүнүн бири катары мезгил менен мейкиндиктин тилкесинде дин, акылмандуулук, философия,



метафизика сыяктуу түшүнүктөр менен байланышып, антикалык мезгилден тарта бүгүнкү күнгө чейин белгилүү бир көз-караштарды, ой-жоболорду жаратты. Антикалык мезгилде дүйнөкараш акылмандуулук түшүнүгү менен айкалышып, кудайларга гана мүнөздүү касиет катары баамдалган. Акылмандуулук же жогорку деңгээлдеги билим кудайларга гана берилген, ал эми адамдар акылмандуулукту сүйүү менен чектелиш керек (Пифагор). Бирок, бара-бара антикалык ойчулдар акылмандуулукка жөнөкөй адамдар да жетише ала тургандыгын белгилешип, жогорку деңгээлдеги билимдер жеке, өтмө нерселер жөнүндөгү билимдерден айырмаланып тургандыгын көрсөтүшөт. Ушундан улам Гераклит "көп билгендик акылмандуулукка жатпайт"[1], ал эми Аристотель акылмандуулук - бул дүйнөдө болуп жаткан нерселердин, кубулуштардын себептерин жана башталарын билүү деп белгилешкен. Негизинен антикалык мезгилден тартып эле дүйнөкараштык билимдердин сапаттык өзгөчөлүгү жана баалуулугу, таануучулук жана жөнгө салуучулук функцияларынын биримдиги, дүйнөкараштын концептуалдык өзгөчөлүгү жөнүндөгү түшүнүктөр пайда болгон. Ал эми кийинки тарыхый доор - феодализм мезгилинде дүйнөкараштык билимдер үстөмдүк кылып турган дин жана диний догмалардын контекстинде каралган. Белгилүү болгондой, орто кылымдын философиясы теоцентристик мүнөздө болуп, схоластика деп аталган. Чиркөөнүн илимий-философиялык билимдерди динге баш ийдирүүгө болгон аракети орто кылымдагы схоластиканын систематизатору Ф. Аквинскийдин философия теологиянын кызматчысы деген тезисине негизделген.

Дүйнөкараш өзгөчө курч маселе катары XVIII кылымдын аягы XIX кылымдын башында Германияда коюлуп, биринчи жолу илимий түшүнүк катары калыптанган. Немец классикалык философиясынын өкүлү И.Кант өзүнүн алгачкы эмгектеринде адамга чыныгы керек болгон илим жашаса, анда "ал өзүнүн бул дүйнөдөгү тийиштүү ордун кантип издөө жана адам болуш үчүн кандай болуу керек экендигин түшүнүүсүнө мүмкүндүк берген илим"[2] деген чечимге келген. Философия эң жогорку мааниде алганда адам эмнени биле алат, эмне кылыш керек, эмнеге үмүттөнөт жана адам өзү эмне деген суроолорго жооп берүүнү көздөгөн "акылмандуулук жөнүндө окуу, акылдын закон чыгаруучусу".

Ал эми диалектика теориясынын негиздөөчүсү Гегель дүйнөкараш маселесин абсолюттук идеянын бийик баскычын көргөзгөн абсолюттук дух жөнүндөгү окуусунда системалык түрдө баяндалган. Башкача айтканда, Гегель дүйнөкараштты абсолюттук духтун ар кандай баскычында ар түрдүү формада ишке ашкан, улам-улам адекваттуулука ээ болгон абсолюттук идеянын өздүк аң-сезими (самосознание) катары караган. Абсолюттук дух өзүнүн өнүгүүсүндө үч негизги этапты басып өтөт жана мазмуну жактан окшош, ал эми формалары жактан бири-биринен айырмаланып, өзүнүн абсолюттук обьектисин баамдаган абсолюттук духтун үч падышачылыгы - искусство, философия, динге дал

[1] Материалисты Древней Греции. Собр. текстов. Гераклит. Демокрит и Эпикур.- М.:Госполитиздат, 1955 - С.45

[2] Кара: Кант И. Приложение к "Наблюдениям над чувством прекрасного и возвышенного" 1764. //Соч. В 6.Т - М.:Мысль. 1964. Т.2 - С. 204.

келет. Философияны Гегель "...предметтерди ой жүгүртүү менен кароо же түшүнүк аркылуу берилген таанунун өзгөчө бир ыкмасы"[3],- деп белгилеген. Философия бардык рухий маданияттардын, бардык илимдердин борборун түзөт жана өзүнүн предмети боюнча искусство менен динге дал келет, ошол эле мезгилде экөөнөн жогору туруп аларды өзүнө бириктирет.

Соңку мезгилден тарта дүйнөкараш маселеси философтордун эмгектеринде ар кыл деңгээлдерде активдүү түрдө изилденип келе жатат. В.С.Буяновдун көз-карашы боюнча, бул проблеманы иликтөөнү үч негизги багытта жүргүзүү керек: 1.гносеологиялык 2.социологиялык 3.аксиологиялык.

Дүйнөкараш бул - адамды курчап турган дүйнө жана анын бөлүгү болгон адам жөнүндөгү көз-караштардын, элестөөлөрдүн, түшүнүктөрдүн системасы катары аныкталат. Көпчүлүк изилдөөчүлөр дүйнөкараштын концептуалдык маани-маңызын кеңири жана тар мааниде көрсөтүшөт. Кеңири мааниде дүйнөкараш - жаратылыштын жана коомдун кубулуштары; философиялык, коомдук-саясий, этикалык, эстетикалык, табыгый-илимий ж.б. - дегеле дүйнөгө болгон көз караштардын бардык жыйындысы, ал эми тар мааниде - бул философиялык гана көз караштар. Бул аныктамалар өтө кеңири жана өтө тар мааниде берилген, анткени дүйнөкараш бул жөн гана көз караштын системасы эмес, о.э. ал философия менен да чектелбейт. Дүйнөкараш бул - дүйнөтүзүлүштү жаратылыш жана адамдын өз-ара байланышы аркылуу чагылдыруу; анын обьектиси - бүтүндөй дүйнө, ал эми предмети - макрокосмос (жаратылыш) менен микрокосмостун (адам) ортосундагы карым-катнаштар.

Дүйнөкараш система катары элементардык, концептуалдык жана методологиялык деңгээлдерден турат. Бир деңгээлден экинчи деңгээлге өтүү, жогорулоо линиясы менен жүрөт жана жашоо-тиричиликтин сентенцияларынан адам, коом, анын акыркы максаттары жөнүндөгү философиялык маселелерди камтыйт. Коомдук аң-сезимдин өнүгүүсүнө жараша дүйнөкараштын төмөндөгүдөй типтери келип чыккан: примитивдүү-эмпирикалык, мифологиялык, диний жана философиялык. Белгилей кетүүчү нерсе, миф, дин жана байыркы илимий түшүнүмдөр акыл-эстин бийиктеп, аң-сезимдин ыкчам өнүгүшүнө, обьективдүү кубулуштардын субьективдүү образын түзүүгө түрткү берген да, акырындап философиялык түшүнүк категориялардын системасы жаралып, калыптанышына алып келген. Ал эми философия дүйнөкараштын башка типтеринен айырмаланып, обьективдүү акыйкатка диалектикалык жалпы категориялар аркылуу алака жасоону иликтейт. Негизинен, жогоруда белгиленген философиянын рухий булагы болгон миф жана илимий башаттар (рудименттер) предфилософия деп аталат. Албетте, философиянын жаралышы менен предфилософия жоголуп кетпейт, ал парафилософияга айланат. Философия дүйнөкарштын ядросу, ал эми парафилософия анын сырткы катмары (оболочка). Ушундан улам мифология парафилософия катары искусство тармагында жана демейки аң-сезим деңгээлинде жашай берет.

[3] Гегель Г. Наука логики. //Энциклопедия философских наук.- М.: Мысль, 1972. Т.1. - С.85



Дүйнөкараштын өзгөчөлүгүн констатациялоо менен бирге Чыгыш жана Батыш философиясынын ортосундагы айырмачылыкты белгилей кетүү зарыл. Белгилүү болгондой, Чыгыштын географиялык-климаттык чөйрөсү, ага байланышкан элдин жашоо-турмушу, өндүрүш мамилелери, менталитети, салт-санаалардын үстөмдүгү Батыштан айырмаланган дүйнөкарашты, философияны жараткан. Байыркы Чыгыштын философиясы предфилософиядан жетишээрлик деңгээлде бөлүнүп чыга албай, демейки нарк-насилдик аң-сезим (Кытай) жана диний-мифологиялык дүйнөкараш (Индия) менен аралышып кеткен. Ал эми Батышта философия классикалык формада өнүккөн, башкача айтканда, философиянын дүйнөкараштык жана рационалдуу-системалык аспектилеринин шайкештиги, илимдер менен байланышы, анын ичинде логикалык аппаратынын өнүгүшүнө алып келип, философиянын пред - жана парафилософиядан бөлүнүшүнө түрткү берген. Көрсөтүлгөн айырмачылыктарга карабастан, Батыш жана Чыгыш маданияттары бири-бири менен тыгыз байланышта өнүгүп келди. Логикалык контекстке ылайык белгилей кетүүчү нерсе, Борбордук Азия чөлкөмү эки маданияттын ортосундагы көпүрө катары кызмат өтөп, Индия, Кытай, Жакынкы Чыгыш, Батыш Европаны кучагына алган Жер Ортолук деңиз баасейинине чейинки физикалык жана экономикалык данакер катары Орто азиялык Ренессанстын маданий булагы болуп саналат. Аль-Фараби, Ибн-Сина, О.Хаям, Ж.Баласагын, М.Кашгари сыяктуу улуу ойчулдары бар Борбордук Азия өзүнө тиешелүү өзгөчөлүгү бар көчмөн маданиятты түзүп, анын жетишкендиктерин муундан-муунга оозеки түрүндө өткөрүп келишкен. Мал багып, жайы-кышы жер оошturган жашоо-турмуш жана болмуш көчмөндөрдүн дүйнөкарашынын динамикалуулугун, синкреттүүлүгүн шарттаган. Ушундан улам философия алардын турмушунда дүйнөкараштын өзгөчө формасы катары бөлүнүп чыга албаса да, болмушту философиялык мүнөздө чагылдырып келген. Дүйнөнү дайыма кыймылда катары кабыл алуу, сырттан жайбаракат байкоочулук (созерцательность) аркылуу жашоо-болмуш жөнүндө кыялдануу, ой-жүгүртүү (умозрительность) көчмөндөрдүн дүйнөкарашынын философиялуулугун туюнтат. Көчмөндөрдүн жашоо-болмуш жөнүндөгү кыялдары, максаттары элдик турмуштан тамырланган мифоэпостордо чагылдырылган. "Философия жөнүндө айтып жатып, дүйнөкараштык жалпылоону кучагына алган анын мифологиялык тамырларын козгобой кое албайбыз. Философиянын мифологиялык негизи көчмөн жана отурук маданиятынын ортосундагы параллелди жүргүзүүгө түрткү кылат; көчмөндөрдүн аң-сезиминин ички маңызы Чыгыш жана Батыштын адамынын ой-жүгүртүүсү сыяктуу эле мифологиялык болгон, бул көчмөндөрдүн аң-сезиминде философиянын мифологиялык негизден бөлүнбөй калгандыгы жөнүндө болжолдоого мүмкүндүк түзөт. Философия көчмөндөрдүн ой-жүгүртүүсүнүн түпкүрүндө катылган, бирок өнүгүүгө мүмкүндүк ала албай философиялык мүнөзгө ээ болгон бирдиктүү, жалпы дүйнөкараш деңгээлинде кала берген"[4]. Көчмөндүк жашоону башына кечирген кыргыздардын философиялык ойлору

[4] Урманбетова Ж. Культура кыргызов в проекции философии истории. -Бишкек.: Илим, 1997. - С 74

да оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүндө камтылып, элдин жашоо-болмуш жөнүндөгү түпкүлүктүү маселелерин чагылдыргандыгын көрсөтөт. Демек, кыргыздарда философиялык ойлор протофилософия жана философема деңгээлинде өнүгүп келген. Протофилософия (алгачкы философия) - бул мифологиядан пайда болгон философия, ал философиялык терминологиянын анча өнүкпөгөндүгү, стихиялуулугу менен айырмаланат. **Ал эми философема дүйнөкараштын негизги компоненти жана байыркы мезгилде жаралган таанным бирдиги катары тигил же бул ой тутумдарында рух менен табигаттын карым-катнашын, космостогу (дүйнөтүзүлүштөгү) адамдын ордун акыл-эс ойломдун формалары аркылуу туюндурган философиялык дүрмөткө ээ ой-пикир.** Биздин оюбузча, философема жеке эле профессионалдуу эмес текстердеги философиялык ойлор гана эмес, философиялык жана илимий мүнөздө болбогон, б.а. миф, эпос, жалпысынан элдик оозеки чыгармачылыкта камтылган философиялык парадигмалар, ойлор жана идеялар десек да болот. Дегеле, элдердин дүйнөкарашында түзүлгөн философиялык мүнөздөгү ойлом конструкциялары асыресе (как таковая) философия эмес, философема болуп саналат. Ал эми дүйнөкараштын типтери болгон мифте да, динде да жалпы дүйнө жөнүндөгү философемалык ойлор жок эмес. Ошондуктан дүйнөкараш маселесине, анын типтерине токтолуу менен алардагы дүйнөнүн жаралышы, өнүгүшү, түзүлүшү жалпы эле болмуштун негизги маселелерин камтыган олуттуу ойду философема катары кароо абзел деп эсептейбиз.

**2.1. Мифологиялык философемалардын логико-гносеологиялык табияты.** Адамдардын курчап турган дүйнөгө карата мамилеси жаныбарлардан эки негизги өзгөчөлүк же шарттар менен айырмаланат: адам дүйнөнү аңдап-түшүнүп, аны өзгөрткүсү келет; бул өзгөчөлүк алардын ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышкан. Демек, адамдын дүйнөгө болгон мамилеси эки жактуу - таануучулук жана ишмердүүлүк десек болот. Философемалардын болмушу бул өзгөчөлүктөрдүн негизги күбөсү.

Бул параграфта мифтин жаралышы, анын онтологиялык, гносеологиялык, психологиялык шарттары жана мифологиялык философемалардын өзгөчөлүгү логико-гноселогиялык жактан анализге алынат.

Философиянын башаттары ар дайым мифологиянын далдасында, көлөкөсүндө катылган. Ушундан улам, мифологияны "предфилософия", "протофилософия" же философиялык идея, концептерди камыган философема десек болот. XVII к. англиялык философ Ф.Бэкон "Байыркылардын акылмандуулугу жөнүндө" деген эмгегинде - мифтер поэтикалык формада байыркы философияны сакташат: адеп-ахлактык сентенциялар же илимий чындыктын мазмуну символ жана аллегориядын үстүнкү катмарында камтылган деп белгилеген. Мифология адамдардын курчап турган дүйнөнүн кубулуштарын аңдап-түшүнүп, жаратылыштык жана социалдык дүйнөнүн кыймылдаткыч күчтөрүн ачып көрсөтүү аракеттеринин жыйынтыгын туюндурат. Бүгүнкү күндө мифологияны изилдеген көптөгөн окумуштуулар аны дүйнөкараштын өзгөчө тарыхый формасы жана фантастикалык мүнөздө, дүйнөнү универсалдуу түшүндүргөн адамдардын жүрүш-турушун жөнгө салган көз-караш,



түшүнүктөрдүн системасы катары кабыл алышат. Бирок мифти жалаң гана фантастикалуу деп айтуу анын статусун жана функционалдуулугун төмөндөтүү же чектөө дегендикке жатат. Мифтин манызы - кыял-ойдон жаралган фантазияны чындык катары кабыл алуу болсо дагы, анын түпкүрүндө реалдуу турмуштун көрүнүштөрүн чагылдырган адамдардын аракети жатат.

Мифологиянын пайда болушунун негизги себеби, биринчиден, алгачкы адам өзүн курчап турган жаратылыштык жана социалдык чөйрөдөн бөлүп карай албастыгы, экинчиден, алгачкы ой-жүгүртүүнүн өзгөчөлүктөрүнүн антропоморфтуулугу, б.а. байыркы адам обьект менен субъектинин ортосундагы ажырамдыкты бөлүп караган эмес, ал өзүн табият, коллектив менен киндиктеш, тутумдаш көрүп, андан "жеке мени", "мен эмесин" бөлбөстөн, демек айлана-чөйрөнү, табиятты өз тулкусуна окшоштуруп, ага өзүндөй мамиле жасаган. Италиялык философ Дж.Вико жазгандай, мифтер **"предметтерден форма жана касиеттерди абстракциялоого жөндөмсүз болгон жаратылыштын талаптарынан келип чыккан, ушундан улам алар бүтүндөй элдердин ой-жүгүртүүсүнүн ыкмасы болгон"[5].**

Айлана-чөйрөнүн жана коомдун кубулуштарын аңдап-түшүнүү элдер жашаган чарбалык жана социалдык дүйнөнүн өнүгүү деңгээлине түздөн-түз көз каранды. Ушундан улам, мифтин пайда болушунун онтологиялык негизи - адамзат тарыхынын алгачкы баскычындагы өндүргүч күчтөрүнүн жөнөкөйлүгү, жашоо-турмуш деңгээлинин төмөндүгү, жаратылыш күчтөрүнүн алдындагы алсыздыгы болуп саналган. Натыйжада, адамдар өздөрүнө каршы турган күчтөргө стихиялык түрдө коллективдүү иш-аракеттерин багыттоого мажбур болгон, бул алгачкы аң-сезимдин коллективдүү-уруулук мүнөздө болушуна алып келген. Жаратылышка көз-карандылыкка карабастан адамдар дүйнө-болмуштун сырларын аңдап-түшүнүүгө аракет жасашкан. Миф сырткы дүйнөнүн кубулуштарын түшүндүрүү, эс-уч аркылуу болголоо касиетинине ээ болуу менен тарыхый өнүгүштүн алгачкы этабында ой-чабыттоонун үстөмдүк кылуучу жолу болгон. Ушундан улам, миф кандайдыр бир деңгээлде таанным функциясына эгедер десек жаңылышпайбыз. Адамдардын жаратылыштын алдындагы алсыздыгы психологиялык мүнөздө да болгон: бул адамдардын коркунуч, кайгы сыяктуу эмоциялык абалдары, ар кандай табият күчтөрү менен катаклизмдер, жашоонун жана өлүмдүн сырлары. Мунун бардыгы адамдардын ан-сезимине күчтүү таасир берип, дайыма аларды коркунучтун алдында кармаган жана курчап турган айлана - чөйрө жөнүндө мистикалык элестетүүлөрдү, образдарды пайда кылган.

Мифтерде дайыма бири-бири менен күрөш жүргүзүп, жаратылыштагы кыймылдын булагы катары эсептелинген жана бири-бирине үстөмдүк кылып, алмашып турган жарык-караңгы, күн-түн, жай-кыш, өмүр-өлүм сыяктуу башталмалар ачык байкалат. Мисалы, Чыгыш цивилизациясынын байыркы рухий туундуларынын бири "Авестада" бул дүйнө күн менен түндүн, жакшылык менен жамандыктын, өмүр менен өлүмдүн күрөшү экендигин аныктайт. Жарык менен жакшылыктын кудайы Ормузд жашоодо зарыл болгон ак ниеттик,

[5] Вико Джамбаттиста. Основание новой науки об общей природе. -Л., 1940. -С. 354.

акылмандык, адилеттик, чындык сыяктуу философиялык-нравалык принциптерди аркаласа, караңгынын жана жамандыктын жарчысы Ариман - кара мүртөздүк, түркөйлүк өңдүү терс кыялдуу касиеттердин символу. Жогоруда белгиленген мифий түшүнүктөр үчүн жалпы негизде карама-каршылыктын өз ара катышы жөнүндөгү эң алгачкы багыты боюнча туура, бирок мааниси боюнча мажес ой жатат. Субьектини курчап турган нерселердин дүйнөсү карама-каршылыктардын биримдиги катары далилсиз баамдалат.

Демек, **мифтер канчалык примитивдүү болсо да, негизинен, философемалык мүнөзгө ээ. Анткени алардагы образдар системасы же жупуну мүнөздөгү окуялардын концептуалдык мааниси, зили барып дүйнөтаанымдын аалам, дүйнө кайдан жана эмнеден, кандайча жана кантип жаралган деген негизги суроолору менен тикеден-тике же кыйыр түрдө байланыштуу.** Түпсүз түңгуюктан жарык издеп, кайыккан байыркы адамдар мезгил менен мейкиндик тутумуна ылайык, аң-сезимине, акыл дүйнөсүнө жараша табышмактуу суроого жооп издеп, мифтик божомолдорду жараткан. Бул жооп-божомолдорго карата адам баласынын жашоо-турмуштагы орду аныкталарын ошол убактагы учкул ойломдун интуициясы ачык, даана болбосо да, болжолдоп турган.

**2-бап. "Кыргыз мифтеринин феноменологиясы".** Аталган бөлүмдө кыргыз элинин мифтеринин феноменологиясы, көчмөндүк ой-жүгүртүүнүн өзгөчүлүгү, мифтердеги дүйнө жана анын түзүлүшү жөнүндөгү философемалык көз-караштар анализге алынат. Негизинен, феноменология түшүнүгү философтордун көз-караштарында (Кант, Гегель, Гуссерль) ар кандай маани-маңызда чечмеленет. Бирок биз иликтөөгө алган кыргыз мифтеринин феноменологиясы бул байыркы аң-сезимдин баштапкы мазмуну менен байланыштуу. Феноменология - бул феномен жөнүндөгү окуу, ал эми феномен: биринчиден, сезимдик тажрыйба аркылуу аңдала турган тарыхый-философиялык кубулуш, экинчиден, интеллектуалдык ойломдун предмети болгон ноуменден формасы жана мазмундук тилкеси боюнча айырмаланып турат. Феномен - бул туюп-сезүү, кабыл алуу, элестетүү. Ал эми мифтер дүйнөнү аңдоонун сезимдик-образдык жагы менен көбүрөөк байланыштуу болгондуктан, бул глава мифтердин феноменологиясы деп аталды.

**2.1. "Дүйнөтүшүнүктүн мифологиялык формалары".** Адамдардын жашоо-турмушундагы өтүп жаткан ар кандай процесстерди билүү жана түшүнүү анын практикалык ишмердүүлүгүнүн шарты болуп саналат. Жаныбарлардан айырмаланып адамдар эмгек процессинин натыйжасында курчап турган айлана-чөйрөнүн предметтерин таанып, топтолгон билимдерди муундан-муунга өткөрүп берип келет. Бирок таанып бул бир калыпта, түз сызыкта өнүкпөстөн, ал өзүнүн жолунда көптөгөн татаалдыктарды, тоскоолдуктарды камтыган процесс.

Адамдардын дүйнөнү таануусу жана өздөштүрүүсү байыркы мезгилде эле башталып, эмгек процесси менен тыгыз байланышта болуп келген. Ошентсе да, адам курчап турган дүйнөнүн татаалдыгын, көп түрдүүлүгүн ошол замат эле тереңдеп сүңгүп кирип, түшүнө алган эмес. Адегенде ал



өзүнүн күнүмдүк жашоосунда кезиккен предметтердин касиеттерин өздөштүрүп, дүйнө жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөрдү ала баштаган. Адамдардын ошол мезгилдеги жаралган дүйнө кабылдоосу, түшүнүгү мифтер аркылуу чагылдырылып келгендигин жогору жактарда белгилеп өттүк.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында байыркы адамдардын курчап турган табиятка, андагы ар кандай процесстерге болгон мамилелерин билдирген, эски архаикалык ойломдон кабар берген сюжеттер кездешет. Аларда адамдардын болумушка, жаратылышка, ошондой эле жашоонун өзүнө болгон көз карашы, башкача айтканда, элдин адеп-ахлактык принциптери, анын эстетикалык идеалдары жана чыгармачылык ойлору камтылган.

Элдик оозеки чыгармачылык тигил же бул элдин демейки аң-сезим деңгээлиндеги философиялык түшүнүм-түшүнүктөр менен шартталган. Дүйнө түшүнүк деңгээлине жараша акыл-ойдун тарыхый-конкрет формалары аркылуу элдин болумушка карата мамилеси баео болсо да, кандайдыр абстракциялык түрүндө элдик маданий салттарда, фольклордо чагылдырылат. Оозеки түрүндөгү дүйнөтуюм, дүйнөтүшүнүк, дүйнөтааным муундан муунга өтүп, соңку урпактарга уңгулуу сабак болуп келген. Элдик чыгармалардагы уюткулуу ойлорду илимий - теориялык жоболорго таянып жалпылоо, аларды бир бүтүн системага келтирүү, өтмүштүн "философиясын" реконстуркциялоого мүмкүнчүлүк берет. Анткени эпикалык жана биздин элге таандык башка көркөм жанрларда зор "философиялык" дүрмөткө ээ түшүнүктөр жок эмес. Айтор, табият, коом, ойлом жагдайларына мүнөздүү жана алардын табият-турпатын чагылдырып турган "философиялуу түшүнүктөр" арбын. Демек, элдик оозеки чыгармачылыктын бир түрү болгон мифтерде камтылган ойлор "философемалуу". Мифтер дүйнөтүшүнүүнүн таануунун көптөгөн формаларынын бири катары тээ алмустакта жаралып дүйнө, аалам, адам, өмүр-өлүм проблемалары сыяктуу түбөлүктүү дүйнө караштагы маселелерди чечүүгө болгон адамдардын алгачкы аракетин чагылдырып келген. Эгерде биз кыргыздардын дүйнө түшүнүгүн, таанып-билүүсүн карай турган болсок, анда алардын дүйнөгө, ааламга карата болгон мамилеси татаал системага өсүп жеткенин байкайбыз. Кыргыздардын баамдоосунда "дүйнө" түшүнүгү курчап турган айлана-чөйрө, Көк Асман, Ай, Күн, Жер сыяктуу түшүнүктөрдү элестетип, алардын жашоо-турмушундагы негизги сыйынуучу жаратылыш объектилеринин бири болгон. Бул жаратылыш культтардын ичинен Көк Асман кыргыздардын түшүнүгүндө Ыйык Теңир катары элестетилген. Көчмөндөрдүн салтында Теңир эркин тааный жашаган адам анын колдоосуна арзыйт, антпесе анын каарына калат деген ишеним орноп, ушундан улам алар бардык иш-аракеттерин, жүрүм-турумун Теңир эркине тетир келбегендей жасоого аракет кылышкан. Теңир бул адамдардын адеп-ахлак мамилелерин да жөнгө салуучу күч, ал адал арам сыяктуу карама-каршы дүйнөнүн биримдиги. Элдик этикада адамдын өмүр жолун бийик нарк-нускага аруулаган адеп-ахлактык каада салт да Теңирдин өзүнөн агылган (этикалык эманация) ыйык касиет катары кабылданган. Көк Теңир ишенимине жалгашкан этикалык принцип-нормалар жеке адамдын керт башына тиешелүү жакшы, жаман сапат-мүнөздөрдөн тартып, үй-бүлө, коом аралык мамилелерди

ыраатташтырууга жарамдуу функция аткарган. Ошол татаал, көп жактуу этикалык нарк-нускада жеке адам, үй бүлө, коом иерархиясынын туташ биримдиги керемет гармонияга ээ болгон. Жогору жактан Теңир адамдардын турмушун багыттап да, тескеп да турса, анда үй-бүлөлүк очокту сактаган, үй-бүлөнүн куту нарыстени колдогон Умай болгон. Бул эки карама-каршы күч бири-бирин толуктап жашоонун өсүп-өнүгүү жолун аныктаган.

Кыргыздардын көчмөндүк жашоо-турмушу жердин, суунун жашоо турмуштагы ордун баалап, алардын кадырын жетик түшүнгөнгө түрткөн. Жер жана Суу - адамдардын жашоосунун булагы, өмүрдүн өзөктүү башталмасы. Жер адамдарга түшүм, малдарга тоют берсе, ал эми суу бардык жашоодогу тирүү жандарга өмүр берип, тазалыктын, бейкапардыктын символун чагылдырган. Бул жерди, сууну ыйык тутуп, ага сыйынууга алып келген.

Улууну кичүү сыйлоо, урматтоо - кыргыз элинин нарк-насилдик турмушундагы бирден-бир чоң касиеттердин бири. Элдик этика карыя адамдардын бардык нерсени адилет баалаган, калыс таразалаган, адамкерчиликте актыкты гана нарк туткан касиетине өзгөчө маани берген. Бул өз учурунда "акылдуу карыя архетибин" шарттаган. Негизинен, ата-бабалар көчмөн турмуштун тарыхыйлуулугунун тирүү жана унутулгус өчпөгөн символдору, аларды билбей унутта калтыруу көчмөн маданияттын өтүмөлүүлүгүндөгү (преемственность) трагедиялуулукка, б.а. муундардын ортосундагы тарыхый-логикалык байланыштын бузулушуна алып келет. Ушундан улам ар бир инсан жети атасын билип, анын арбагын эскерүү милдет.

Дүйнөдө карама-каршы күчтөр жашайт, алар дайыма бири-бирин толуктап, шарттап турат. Алсак, кыргыздарда Теңир жогорку баскычты - асманды көрсөтсө, ал эми Жер, Суу, Умай жана ата-бабалардын культу-ааламды курчап турган кадимки айлана-чөйрө, башкача айтканда төмөнкү баскыч менен түшүндүрүлгөн. Бул көрсөтүлгөн карама-каршылыктар өздөрүнүн өнүгүүсүндө кандайдыр бир биримдикти таап, акыр аягы адам баласынын жашоосунун негизин түзгөн өмүр-өлүм дихотомиясына такалат. Өмүр-өлүм дихотомиясында гана адам жашоосунун негизги максаттары, маселелери жана маңызын андоого аракет жасалат. Демек, карама-каршылыктар - дүйнөнү кыймылга алып келген негизги күчтөр. Алардын биримдигинин негизинде гана дүйнөдө жаралуу болот. Байыркы аң-сезим үчүн өмүр-өлүм, ак-кара дүйнө бири-бирин толуктап, болумушту ар түрдүү кылып, дүйнөнүн өзгөрүшүнө алып келет деп түшүндүрүлгөн.

**2.2.Дүйнөтүзүлүштүн мифологикалык конструкциялары.** Аталган параграфта кыргыз элинин мифопоэтикалык материалдарынын негизинде дүйнөнүн келип чыгышы, анын түзүлүшү (конструкциясы) жөнүндөгү көз-караштары конкреттештирилет.

Дүйнөнүн жаралышы жана түзүлүшү жөнүндөгү миф элдин рухий мурасында өзгөчө орунду ээлеп келген, анткени дүйнөнүн жаралышы - эсептөөнүн негизи чекити, башаттын башаты. Ушул парадигманын негизинде дүйнөтүзүлүштүн жалпы картинасы негизделет, ошондуктан космологиялык



миф мааниси жактан оор жүктү алып барат: анын образдары эң жөнөкөй жана ошол эле мезгилде терең мааниде. Космогониялык мифтин мазмуну дүйнөнүн жаралышы, башкача айтканда, жоктон бардын жаратылышы, дүйнөнү тартипке келтирген космостук башат менен башаламан деструктивдүү башаттын (хаостун) ортосундагы күрөшүү, дүйнөнү ыраттуулук менен жаратуу этабы чагылдырылат.

Космологиялык мезгилдеги мифопоэтикалык көз-караш макрокосмос жана микрокосмос, жаратылыш жана адамдын ортосундагы биримдикти чагылдырган. Мифий аң-сезимдеги жогорку баалуулук - бул дүйнөнүн кайда жана качан жаралышы, убакыт жана мейкиндиктин чекиттери, башкача айтканда дүйнөнүн борбору, дүйнөнүн огу өткөн жер, космостук структуранын жердеги образынын ар кандай варианттарынан турган "дүйнөлүк дарак" болгон (жашоонун дарагы, асман дарагы). Дүйнөлүк дарак жер жана адамды, асман жана жерди байланыштыруучу звено.

Кыргыздардын космологиялык мифтеринде дүйнөнүн келип чыгышын толук, ырааттуу сүрөттөгөн мифтер жокко эсе, бирок ааламдын кээ бир элементеринин (асман телолорунун, жылдыздардын) пайда болушун чагылдырган мифтер жана мифоэпостор жок эмес. Ошентсе да, кээ бир мифтик сюжеттерде дүйнөнүн жаралышын чагылдырган учурларды көрүүгө болот: алсак "Манас" эпосунда төмөндөгүдөй космологиялык түшүнүк: Жер жер болгондо, Суу суу болгондо, Манас Манас болгондо,- Шумер, Вавилон, Кытай жана башка элдердин мифтеринде берилген дүйнөнүн салттык моделине ылайык алгачкы баш аламандык (хаос) тартипке келип, космос пайда болгондугун чагылдырат. Жер суудан бөлүнүп, алгач адам Манас жаралат. Жер жана аны каптап турган суу ажырагыс биримдикте турганда дүйнөнүн жаралышы бул келечектин суроосу, ошондуктан дүйнө түзүлүштөгү алгачкы жана негизги учур - жердин суу стихиясынан бөлүнүшү. Демек, дүйнөнүн алгач түзүлүшүндө жер жана суу бири-биринен бөлүнгөндөн кийин гана ааламдын башка элементтери жаралат. Ал эми ошол жаралган дүйнөнүн структурасы, түзүлүшү мифтерде үч катмардан турат. Бул - асмандагы турмуш, жер үстүндөгү (жердеги) турмуш жана жер алдындагы турмуш. Ар бир дүйнө адамдардын дене, психикалык ошондой эле рухий түзүлүшү менен байланыштуу, демек бүтүндөй Аалам бардык жагынан адамдын турпатына, структурасына бирдиктүү. Салттык коомдо жашаган адамдар эмпирикалык дүйнөдөгү кыймыл-аракеттерин бир эле мезгилде башка дүйнөнүн жашоосуна көчүрмөлөп алып бара алат. Ушундан улам, дүйнөдө структуралык изоморфизм принциби үстөмдүк кылат: жаратылыштын ар бир элементи жалпы структурага ээ. Ал эми бул структуралык биримдиктин негизин жогоруда белгилеген дүйнөлүк дарак түзгөн. Дүйнөлүк дарак - бул дүйнөнүн универсалдуу концепциясын билдирген мифопоэтикалык аң-сезимге мүнөздүү образ. Дүйнөлүк даракты вертикалдуу түрдө бөлсөк, анда төмөнкү (тамырлар), ортоңку (сөңгөк) жана жогорку (бутак) структураларын байкайбыз. Аны менен ааламдын жогорку (асман падышачылыгы), ортоңку (жер) жана төмөнкү (жер алдындагы падышачылык) сыяктуу негизги зоналары да көрсөтүлөт. Ошондой эле, дүйнөлүк дарак дүйнөтүзүлүштүн бардык сфераларын бириктирген ааламдын огу. "Манас"

эпосунда башкы каарман - Манас дүйнөлүк дарак менен салыштырылат жана бул образ аркылуу бүт убакыт-мейкиндик континиуму түзүлөт. Ааламдын тирөөчүсү, дүйнөлүк дарактын дагы бир мифологиялык образы - космостук тоо болуп саналат. Адамдар байыркы мезгилден тартып эле тоолорго сыйынып келишкен жана бул салт көптөгөн миң жылдык тарыхка ээ. Тоолордун асман мелжиген чокулары, таштары адамдардын алдында жаратылыштын эң зор күчүн, түбөлүктүүлүктүн образын ассоциациялаган. Тоолорду ыйык катары эсептеп, адамдар аны ар кандай сыйкырдуу касиеттерге ээ кылышкан. Кыргыздарда табият культтарынын ичинен тоого сыйынуу азыркы мезгилге чейин сакталган. Буга Ысык-Көлдөгү Дүңгүрөмө мазары, Кочкордогу Кочкор-Ата буга далил боло алат. Дүйнөлүк дарак да, космостук тоо да фольклордо дүйнөнүн модели катары сүрөттөлөт. Жогору жакта белгилегендей, дүйнөлүк дарак вертикалдуу түрдө үчкө бөлүнгөн (жогорку - ортонку - төмөнкү). Бул моделдин ар бир бөлүгү өзүнчө маани-маңызды чечмелеп келген. Ошентсе да, аларга тиешелүү жалпылыктар бар, алар - жер жана турмуш. Жер, турмуш-адам жашоосун жараткан феномендер. Ал адамдардын төрөлүшү, өсүшү менен тыгыз байланышкан өмүрдүн өзөктүү башталмасы. Жер - адамдардын дүйнөсү, бардык дүйнөлөрдүн эң жакшысы, жарыктын, жашоонун символу. Мына ушул сыяктуу "философиялык" түшүнүктөр кыргыздардын "Эр Төштүк" эпосунда кездешет. Бул чыгармадагы көп кабаттуу дүйнөнүн мифопоэтикалык моделине ылайык, жер үстү - жарыктын, жашоонун, ал эми жер асты карангылыктын, акырет дүйнөнүн символу. Эпосто: Эни да жок, чени жок, / Жерге кирди Эр Төштүк. / Жаракчылык шоола жок / Көргө кирди Эр Төштүк - деген саптар жарык менен караңгынын карама-каршы түпкү семантикалык-этикалык мааниде өмүр менен өлүмдүн, жакшылык менен жамандыктын дихотомиялуу күрөшүнөн жаңырык берет.

Ал эми дүйнөлүк дарактын горизанталдуу структурасы анын эки жагында жайгашкан объектилер менен байланыштырылат. Ал дүйнөнүн төрт багытын көргөзгөн. Бул багыттар байыркы элдердин дүйнө түшүнүгүндө мейкиндик категориясын билдирген. Маселен, кыргыздарда төгөрөктүн төрт бурчу деген түшүнүк кездешет. Эгерде биз дагы эле "Манас" эпосуна кайрыла турган болсок, ушуга байланыштуу төмөндөгүдөй ыр саптарын кездештире алабыз: Бокмурундун ботосу / Кандын сөзүн уккан соң / Атка минип чыкты дейт. / Төгөрөктүн төрт бурчун / Баарын бирдей өттү дейт. Негизинен, кыргыз мифологиясында мейкиндик жана убакыт түшүнүктөрү ар дайым эмпирикалык деңгээлде жашап келген. Окуя - мейкиндик-убакыт кыргыз мифологиясында салыштырмалуу байланыштан диалектикалык биримдикке чейин эволюциялангандыгын байкоого болот. Ала келсек, "Эр Төштүк" мифоэпосунда окуялар өтө күчөтүлгөн фантастикалык формада, ал эми убакыт чар жайыт берилип, али конкреттештирилбеген. Маселен, Кенжекенин баланы "жети жыл" боюна көтөрүшү убакытка ал кезде өтө деле маани берилбегендигинен кабар берет. Муну менен катар мейкиндикти анча түшүнө бербөө да кезигет. Ал жер алдында мейкиндик берип, окуяларды ага байланыштыргандан жана бул категориянын конкреттештирилген аталыштарынын жоктугунан даана сезилип турат. Ал эми кийинчээрек негиз алган "Кожожаштан" бул проблемаларга карата



мамиленин өсүп-өнүгүүгө туш келгенин байкоого болот. Себеби, окуялар кандайдыр бир деңгээлде тотемдик аң-сезимдин туткунуна кармалгандыгына карабастан, конкреттештирилген мейкиндикте өтөт. Бирок эпосто убакыт да анча-мынча апыртылып кеткендигине карабастан (Сур эчкини бир жылдай тынбай кууп жүрөт...), аны адам жашоосундагы циклге сала баштагандыгы сезилет. Демек, "Кожожаш" эпосу пайда болгон мезгилдерге карата убакытты кабылдоону адам турмушуна жакындатуу аракеттери болгондугунан кабар берет. "Манас" эпосунда окуя менен убакыт чогуу жашагандыгынан кабар алууга болот. Бул эпосто убакытта жана мейкиндикте тыныгуу жок. Башкы каармандын аракети токтолгондон кийин, анын ишин экинчи каарман улантып кетет. Мисалы, Манастын ишин Семетей, ал эми Семетейдин аракетин Сейтек улантып, трилогия бир бүтүн, зор окуяны кучагына алат, эмпирикалык мейкиндиктин жана убакыттын тизмектештиктеринен турат. Окуя өтүп жатканда, ага барабар гана мейкиндикти жана убакытты сезе алабыз. Ал эми жалпы убакытты табуу кыйын. Демек, алгачкы коомдогу аңчы, малчы, тынымсыз согуштарды улантып келген жоокер жашоо үчүн жасаган орун которуусунан өз кезегинде баео деңгээлде мейкиндикти сезе алган, башкача айтканда, турмуш-тиричиликтин формасы ушул багытты биринчи ирет өздөштүрүүгө түрткөн. Бул болсо мейкиндикти кабылдоо ички туюм-сезимдерге кабылдагандыгынан, ал эми убакытты кабылдоо кандайдыр бир нерсени түшүнүүдөн келип чыккандыгынан кабарлап турат. Ошондуктан убакытты көрсөтүү эпосто фантастикалык мааниде берилген. Буга Бакай менен Каныкейдин башкы каармандар катары бир эле жаш куракта улуу эпостун башынан аягына чейин жашашы күбө. Мифтик аң-сезимде мейкиндик жана убакыт түшүнүктөрү дүйнөнүн ар кандай деңгээлдери менен да байланыштуу. Маселен, шаман өзүнүн жанын башка дүйнөлөргө жиберип, бул жашоодо бардык өмүрү жетпеген иш аракеттерди жасайт, ал эми жерде эсептелинген гана убакыт өтөт. Дегеле, убакыт - мифологиялык, философиялык, илимий жаатта түшүнүү татаал жана табышмактуу болгон адам ой жүгүртүүсүнүн категориясы. Архаикалык дүйнөнүн картинасында убакыт бирдей эмес, релятивдүү, циклдүү жана спираль сыяктуу. Ал бирде өзүнүн жүрүшүн тездетип, бирде акырындайт (релятивдүүлүгү), өткөндөн келечекке жана келечек аркылуу кайрадан өткөн мезгилге кайтып келип кайталанат (циклдүүлүк) же жаңы вариантта берилет (спиралдуулук). Демек, алгач адам үчүн өткөн чак - учур чак - келер чак бири - бирине байланышып, бири -бирине жакын жашайт. Адамдардын турмушундагы окуялар бир эле мезгилде өткөн чакта, учур чакта жана келер чакта өтүшү мүмкүн. Бул алгачкы адамдын дүйнө жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн дагы бир өзгөчөлүктөрүнүн бири болгон.

Убакытты, мейкиндикти түшүнүү менен бирге байыркы адамдар дүйнөнүн түзүлүшүн да аңдап-билүүгө аракеттенишкен. Дүйнөнүн түзүлүшү байыркы адамдардын түшүнүгүндө жер, от, суу, аба сыяктуу элементтерден турат. Болмуштун алгачкы элементтери жөнүндөгү түшүнүккө Байыркы Грециянын алгачкы философтору да олуттуу көңүл бурушкан. Маселен, Милет мектебинен чыккан (б.э. VI к.), грек илиминин баштоочусу Фалес бардык нерселердин келип чыгуусу суу деп аны конкреттүү форма же мифологиялык күчтүн персонификациясы

катары эмес, материянын агып туруучу аморфтук натыйжасы деп эсептеген. Суу дүйнөнүн негизи, башталышы деген Фалестин көз карашы Г.Гегель тарабынан жогору бааланып жана ал бул көз карашты философиянын башталышы деп эсептеген. Гегелдин ою боюнча, философиянын маңызы жөнүндөгү суроонун коюлушу жана анын мифологиялык терминология жана методологиянын чегинен сырткары чечилишинен улам келип чыгат. Философиянын келип чыгышы чындыкты аллегория же (мифологиялык) персонификациянын жардамы менен эмес, башка ыкма менен чагылдырган абстрактуу ой жүгүртүүнүн белгилүү бир деңгээли менен байланыштуу. Демек, дүйнөнүн башаттары жөнүндөгү суроо мифологияда коюлуп, андан ары философияда өнүккөн. Бул түшүнүктөр дүйнөтүзүлүш жөнүндөгү көз-караштарга негиз берген.

Көпчүлүк мифтерде суу гана алгачкы хаостон бөлүнүп чыгат. Дегеле, суу алгачкы хаостун эквиваленти катары дүйнөнүн түзүлүшүндөгү негизги элементтердин бири. Суу кыргыздардын ишениминде - эң ыйык нерсе: ал адамдар гана эмес, жерде жашаган бардык жандыктар үчүн жаралган. Дүйнөнүн алгачкы элементтеринин бири жер – дүйнөтүзүлүштүн негизги стихияларынан. Кыргыздардын түшүнүгүндө жер жети кабаттан турат, анын эң түбүндө адамча сүйлөшкөн бир көздүү дөөлөр жана башка жандыктар жашашат. Ал жерде эч ким тийбеген сыйкырдуу "көк көл" бар. Бул жети кабат жерди чоң өгүз өзүнүн алтын мүйүзүндө кармап турат, качан өгүздүн бир мүйүзү чарчап экинчисине которгондо жер титирөөлөр болот. Ошондой эле, жер ааламдын борбору, ал эми күн менен ай аны айланып жүрүшөт. Дүйнөнүн жаралышындагы дагы бир негизги элементтердин бири - бул от. Кыргыздардын ишениминде от тазалоочулук, коргоочулук касиетке ээ. Өз мезгилинде перс тарыхчысы Гардизи: "Кыргыздар индустар сыяктуу өлгөндөрдү өрттөшүп: "От - бул эң таза нерсе: ага түшкөн бардык нерселер тазаланат, өлгөндү да кирден жана күнөөлөрүнөн тазалайт" - деп белгилеген. Жогоруда айтылган ойлор философиядагы дүйнөнүн биримдүүлүгү жана көп түрдүүлүгү жөнүндөгү маселе байыркы адамдарды да ойлондургандыгын көрсөтөт. Бирдиктүү дүйнөнүн маңызын алгачкы элементтер түзөт, же грек философиясынын термини менен айтканда, дүйнө стойхеон (элемент, ядро) же археден (алгачкы материя, праматерия, нерселердин алгачкы абалы) турган. Демек, болмуш маселеси, анын маңызы, түзүлүшү (конструкциясы) ар кыл философиялык системаларда борбордук маселе болгон жана болуп келет. Философияга чейинки мифологиялык аң-сезимдеги болмуш жөнүндөгү тигил же бул интерпретациялар философема - философиянын булагы экендигин далилдейт. Белгилүү болгондой, башталмасыз негиз болбойт деген логикалык аксиома коомдук аң-сезимдин байыркы формаларынын бири болгон философияга түздөн-түз байланыштуу экендигин так-даана ырастап турат. Жалпылап айтканда, мифтердеги дүйнөнүн жаралышы бул тартиптин, жарыктын, жылуулуктун, ошондой эле жашоонун жаралышы болгон. Аалам ар кандай дүйнө, багыттар, жарык, асмандын катмарлары жер, жер алды сыяктуу мүнөздөмөлөргө ээ болгон дүйнөлүк дарак, дүйнөнүн модели сыяктуу түшүнүктөр менен чагылдырылган. Ошондой эле дүйнө түзүлүш жөнүндөгү жалпы адамзатка мүнөздүү байыркы ой-пикир адамдаштырылган космос же космостоштурулган адам ыкмасы аркылуу ишке ашкан.



**Корутундуда** диалектикалык логиканын ийкемдүү методологиялык принициптерине таянып, тиешелүү тарыхый-философиялык ойлом материалдарын жалпылап изилдөөнүн натыйжасында төмөндөгүдөй логикалык жыйынтыктарга келдик:

1. Дүйнөкараш - философиянын негизги түшүнүктөрүнүн бири катары жашоо-болмуштун зарылдыгы катары жаралып, мезгил менен мейкиндиктин тилкесинде дин, акылмандуулук, философия, метафизика сыяктуу түшүнүктөр менен айкалышып, антикалык мезгилден тарта бүгүнкү күнгө чейин белгилүү бир теорияларды, ой-бүтүмдөрдү жаратты;

2. Дүйнөкараштын негизги тарыхый типтери болгон миф, дин жана ошондой эле байыркы мезгилде жаралган илимий-билимдердин башаттары философиялык дүйнөкараштын жаралышына рухий булактар катары азык берип анын жаралып-торолушун жана өнүгүшүн шарттады;

3. Алгачкы мезгилдеги адамдардын дүйнө-болмушка карата көз-караштары мифий аң-сезим аркылуу жалпыланып, философемалык маани-маңызга ээ болгон;

4. Философема - дүйнөкараштын негизги компоненти катары дүйнө, космос, андагы адамдын алган ордун ой-жүгүртүүнүн формалары аркылуу туюндурган философиялык дүрмөттөгү ой-пикир;

5. Философема - жалаң гана философиялык текстердеги гана эмес, атайы философиялык эмес болгон элдик чыгармачылыктагы (миф, эпос, уламыш) философиялык мааниге ээгедер концептер;

6. Миф жана анда камтылган айрым бир ойлор акыл-эстин сырткы дүйнөгө карата багыттуу рефлексиясы, ааламдын пайда болушун себеп-натыйжалык байланыштын негизинде аңдоого, өздөрүн тыш дүйнөгө салыштырып акыл-эстүү жандык катары түшүнүүгө болгон алгачкы аракети. Мифтердин дүйнөтүзүлүштү аңдоого багытталган концептуалдык мүнөздөгү мазмуну философема болуп эсептелинет;

7. Мифтердин маңызы - кыялдан жаралган фантастикалык түшүнүктөргө реалдуу көрүнүш катары ишенүү. Мифтер канчалык фантастикалуу болсо да ошол мезгилдеги адамдардын дүйнөнү, болмушту таанууга карата алгачкы аракеттеринын жыйынтыгы экендигин көрөбүз. Ошондуктан жалпы деңгээлде мифтер материалдык жашоо-турмушту өздөштүрүүнүн алгачкы тарыхый формасы катары тааным функциясына ээгедер десек жаңылышпайбыз.

8. Байыркы кыргыздардын жашоо-чөйрөсү көчмөн жашоо-образы, малчылык жана аңчылык алардын дүйнөкарашына белгилүү бир изин калтырган. Ошондуктан мифтердин мазмуну да алардын материалдык жашоо-турмушуна, алар жашаган айлана-чөйрөнүн шарттарына байланышкан.

9. Көчмөнчүлүк жашоо-турмуштун зарылдыгынан келип чыккан табият күчтөрүнө табынуу кыргыздардын Теңирчилик жөнүндөгү ишениминде топтолгон. Теңир адамдардын жашоо-турмушун жараткан, аларга тагдыр, бакыт-таалай тартуулаган, каргоочу, коргоочу күчкө ээ чексиз күч жана кудай. Мына ушундай түшүнүм көчмөндөрдүн бардык жашоо-турмушун Теңир ишине терс келбегендей, аны менен, төп келишип жашоого үгүттөгөн;

10. Мифологиялык философемалар кыргыз элинин байыркы ойломундагы жеке менен жалпынын, маңыз менен көрүнүштүн, зарылдык менен

кокустуктун ички өтмө катар диалектикалык карым-катнашын баамдоого болгон аракетинен кабар берип турат;

11. Мифтер мазмун-формасы боюнча адамзат маданиятынын баалуу дөөлөтү, андагы жакшылык-жамандык, адилеттүүлүк-адилетсиздик, ак-кара сыяктуу дихотомиялуу көрүнүштөр, адам менен жаратылыштын ортосундагы аяр мамиленин чагылдырылышы азыркы мезгилде да өз маанисин жоготпой, келечек муундар үчүн сабак болуп келет.

12. Изилдөөдө дагы бир ирет ынанымдуу көрсөтүлгөндөй, диалектикалык мүнөздөгү таанып процесси - ички карама-каршылыктын (чектелген таанып формасы менен чексиз муктаждыктын) натыйжасында тынымсыз өнүгүүдөгү кубулуш. Философема кубулушу тууралуу тарыхый-философиялык концепцияларды обьективдүү кырдаалда адекваттуу интерпретациялоо, аны менен мифологеманын логикалык өз-ара байланышын изилдөө - келечекте проблеманы тереңдетип иликтөөнүн орчундуу маселеси.

**Диссертациянын мазмуну төмөнкү басылмаларда жарык көрдү:**

1. Мифологическое мировоззрение как самосознание древнего общества. // Молодежь и наука: проблемы и перспективы. -Бишкек, 1998.0,3 б.т
2. История кыргызской философии и современность. В соавторстве.// Түрк элдеринин тили жана актуалдуу маселелери. -Бишкек, 1998. 0,3 б.т
3. Кыргыз элинин дүйнөтаанымындагы Теңирчиликтин философемалык мүнөзү.// Современность: философские и правовые проблемы. Институт философии и права НАН КР. Ч.1. -Бишкек, 2000. 0,4 б.т.
4. Мифология как форма протофилософии.// Современность: философские и правовые проблемы. Институт философии и права НАН КР. Ч.2. -Бишкек, 2000. 0,4 б.т.
5. Мифтердеги дүйнөтүзүлүш философемалары.// Непрерывное образование в новом информационном пространстве. ИНО при БГУ. Материалы международной научно-практической конференции. Ч.2. -Бишкек, 2001.0,4 б.т.
6. Кыргыз мифтериндеги этикалык түшүнүктөр. (автор менен бирдикте). // Непрерывное образование в новом информационном пространстве. ИНО при БГУ. Материалы международной научно-практической конференции. Ч.2. -Бишкек, 2001. 0,4 б.т.
7. XXI-век - век диалога культур и цивилизаций.// Диалог культур и религий как гарантия мира и стабильности. Материалы круглого стола, посвященного 50-летию КГПУ. Бишкек, 2002. 0,3 б.т
8. Мифтердеги дүйнөнүн модели// Великий Шелковый путь: вчера, сегодня, завтра. Материалы международной научно-практической конференции. Бишкек, 2002. 0,3 б.т
9. Мифологическая картина мира и ее значение для науки.// Современность: Философские и правовые проблемы. Ч.2. Институт философии и права НАН КР. -Бишкек, 2003, 0,4 б.т.
10. Концепция пространства и времени в мифическом сознании.// Табалдиевские чтения. БГУ. (басмада). 0,3 б.т.



## АННОТАЦИЯ

**"Кыргыз мифтериндеги философемалар"**
**Адистиги: 09.00.03-философия тарыхы**


Диссертацияда кыргыз мифтериндеги философиялык ойлор иликтенип, алар асыресе философия эмес философиялык ойлорду камтыган философема катары каралат.

Изилдөөнүн методологиялык негиздерин ачууда дүйнөкараш түшүнүгүнүн ретроспективалык эволюциясы, структурасы, элементтери, тарыхый типтери анализге алынып, философеманын маани-маңызы чечмеленет жана дүйнөкараш менен байланышы каралат. Философема дүйнөкараштын негизги компоненти катары дүйнө, космос, андагы адамдын алган ордун ой-жүгүртүүнүн формалары аркылуу туюндурган философиялык дүрмөттөгү ой-пикир экендиги белгиленет.

Эмпирикалык жана теориялык материалдардын негизинде кыргыз элинин дүйнөтүзүлүш жана дүйнөтүшүнүм жөнүндөгү көз-караштары анализденип, философиялык мааниде чечмеленет.

Диссертациянын структурасы киришүүдөн, эки главадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары 10 макалаларда жарык көргөн.

## АННОТАЦИЯ

**"Философемы в кыргызских мифах".**
**Специальность: 09.00.03 - История философии**

В диссертации исследуются философские идеи в кыргызских мифах, на основе данного историко-философского анализа мифы рассматриваются не философия как таковая, а как философема, которая содержит в себе философски значимые идеи и мысли.

В целях изучения методологических основ исследования анализируются эволюция понятия мировоззрения в ретроспективе, его структура, элементы, исторические типы, раскрывается содержание философемы и его связь с мировоззрением. Философема как основной компонент мировоззрения отражает философски значимые идеи о мире, человеке и его месте в мироздании через основные формы сознания.

В ходе исследования философскому анализу подвергнуто взгляды кыргызского народа о миропонимании и мироздании на основе эмпирических и теоретических материалов.

Диссертация состоит из введения, двух глав, заключения и списка использованных источников и литератур. Основное содержание диссертации отражено в 10 статьях.

## ANNOTATION

**"Philosophical ideas in Kyrgyz myths".**
**Specialty: 09.00.03 - The history of philosophy**

Philosophical ideas in Kyrgyz myths are researched in the dissertation, on the base given historico-philosophical analysis myths are considered not as a philosophy but as philosophical ideas including vain philosophical ideas and thoughts.

Retrospective evolution oh philosophy concept its structure elements, historical types are analyzed in the purpose of methodological base oh study and philosophical ideas and its with philosophy are opened.

Philosophical idea as the main component oh philosophy retells philosophical ideas about world man and his please in universe through main form of consciousness.

Kyrgyz people's views, about world-understanding and universe on the base oh empirical and theoretical materials, are subjected to philosophical analyses in process oh research.

The dissertation consists oh interdiction two chapters, conclusion and bibliography. The main content is reflected in 10 scientific articles.